Элеттеги аялдын турмушунан көз ирмем

ЧЫГАРЫЛЫШТЫН ҮСТҮНДӨ ИШТЕГЕНДЕР
Демилгечи жана уюштуруучу: ***БУУ түзүмдөрү***
Идеянын автору: ***Жыпара Турмаматова***
Текстти жазган: ***Алтын Аман***
Фотосүрөттөр: ***Кина Юсупова & Алтын Капалова***
Дизайн жана графикалык калыптоо: ***АЯН Design***
Инфографика: ***Хара-Бара дизайн студиясы***

Каржылоочу уюмдар

NORWEGIAN MINISTRY OF FOREIGN AFFAIRS

SWEDEN

Аткаруучулар

UN WOMEN
United Nations Entity for Gender Equality and the Empowerment of Women

FAO FIAT PANIS

WFP World Food Programme wfp.org

IFAD Investing in rural people

Өнөктөштөр

Community development alliance

ГЕНДЕРДИК ИЗИЛДӨӨЛӨР БОРБОРУ GRC ЦЕНТР ГЕНДЕРНЫХ ИССЛЕДОВАНИЙ

АЛЬЯНС ЗА ПРОЗРАЧНЫЙ БЮДЖЕТ

КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ЭЛЕТТИК АЯЛДАРДЫН ЭКОНОМИКАЛЫК УКУКТАРЫН ЖАНА МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮН КЕҢЕЙТҮҮ ПРОГРАММАСЫ

Элеттеги аялдын турмушунан көз ирмем

Бул китепче “Кыргызстандагы элеттик аялдардын экономикалык укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү” аттуу биргелешкен долбооруна катышкан аялдардын жана эркектеридин ой-пикирлери жана тажрыйбалары жөнүндө баяндайт. Долбоор – БУУнун Аялдар түзүмүнүн (БУУ Аялдар), БУУнун Азык-түлүк жана айыл чарба уюмунун (ФАО), БУУнун Дүйнөлүк Азык-түлүк программасынын (ДАП) жана Айыл чарба өнүктүрүү боюнча эл аралык фондунун (АӨЭФ)биргелешүүсүндө уюштурулган глобалдык демилге. Кыргызстанда бул долбоор 2014-жылдын ноябрь айынан тартып аталган агенттиктеринин дүйнөлүк тажрыйбаларын айкалыштыруу менен ишке ашырылууда. Долбоордун негизги максаты элеттик аялдардын жана кыз-келиндердин жигерин арттыруу жана алардын туруктуу өнүгүү максаттарын ишке ашыруу контекстинде экономикалык жана коомдук-саясий катышуусун жогорулатуу болуп саналат. Долбоорго киргизилген чараларды ишке ашыруунун жыйынтыгында төмөнкүдөй натыйжалар күтүлүүдө: үй-бүлөлүк азыктандыруунун жакшыруусу жана азык-түлүк коопсуздугун камсыз болуусу, үй-бүлөлүк кирешенин жогорулашы, аялдардын лидерлик потенциалдарынын жана алардын коомдук жана саясий процесстерге катышуусунун жогорулашы, аялдардын экономикалык мүмкүнчүлүктөрүнүн кеңейүүсүнө өбөлгө түзгөн гендердик-сезимтал мамлекеттик пландоонун илгерилөөсү.

Долбоор Кыргызстандын 5 дубанында жайгашкан 73 айылдарында ишке ашырылууда. 2016 жылдын этегинде долбоордон түз пайда көргөн бенефициарлардын саны 3150 адам, ал эми кыйыр пайда көргөндөрдүн саны 8500 адамды түздү.

Колуңуздагы «Элеттеги аялдын турмушунан көз ирмем» китепчеси долбоорго катышкан миңдеген адамдардын четин гана көрсөтөт. Кыргызстандын аймактарында күнүмдүк оор тиричиликке карабай жашоо деңгээлин жогорулатууга умтулуп, өздөрүнүн гана эмес, жакындарынын жашоолорун өзгөртүп, баскан жерин гүлдөтүп турган адамдар жөнүндө баяндайт. Китепчеде чогултулган окуялар март жана апрель айларында болгондуктан: биринде карды, биринде жамгырды, биринде шамалды көрүүгө болот, бирок бардык сүрөттөрдө аялдардын ачык маңдайлары, жылмайган элестери көңүлдү ачып, жашоого жана келечекке болгон ишенүүлөрдү жаратат.

КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ЭЛЕТТИК АЯЛДАРДЫН ЭКОНОМИКАЛЫК УКУКТАРЫН ЖАНА МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮН КЕҢЕЙТҮҮ ПРОГРАММАСЫНЫН КАРТАСЫ



КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ЭЛЕТТИК АЯЛДАР ЖАНА КЫЗ-КЕЛИНДЕР

Joint Programme On: Accelerating Progress towards the Economic Empowerment of Rural Women

2015-жылы элеттик аялдар төмөнкү маселелер боюнча тоскоолдуктарды белгилешти:

Өндүрүш 0.035

Маанилүү чечим кабыл алуудагы болгон салымы

Ресурстар 0.135

Активдерге ээ болушу

0.070

Активдерди сатуу, сатып алуу жана өткөзүп мүмкүнчүлүгү

0.348

Кредит алуу жөнүндө чечим кабыл алуу алгылыгы



Киреше 0.039

Үй-бүлөлүк кирешенин жумшалышын контролдоо мүмкүнчүлүгү

Жетекчилик 0.308

Жамааттык топтордогу мүчөлүгү

0.097

Эл алдына чыгып сүйлөөсү

Убакыт 0.190

Эмгек жүктөмү

0.072

Эс алуу

*Аялдардын айыл чарба тармагындагы экономикалык укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү Индексинин. USAID/Кыргыз Республикасы Экономикалык Өнүгүү долбоору: Иштөө аймагын баштапкы изилдөө отчету. Сентябрь, 2015-жыл

Жалпы калктын 65% айыл жергесинде турат

2015-жылы калктын жакырчылык деңгээли 32.1%

67.7% жакыр жашаган калктын бөлүгү айыл жергесинде турат

70.5% өтө жакырчылык чегинде жашаган калктын бөлүгү айыл жергесинде турат

Үй-бүлөдө болгон кам көрүү иштери

Аялдар эркектерге салыштырмалуу үй чарбалыгын жүргүзүүгө 2,6 эсе көп убакыт сарпташат

Кошумча үй-бүлөлүк жумушчу күч катары иштешет

Экономикалык активдүү аялдардын 17.1% үй-бүлөлүк кошумча жумушчу күч катары иштешет



10-27% жакын айыл тургундары туруктуу таза ичүүчү суу менен камсыздалган эмес

50-90% айыл тургундары саркынды сууларды чыгаруу тутумдары жок

Социалдык нормалар жана гендердик стереотиптер аялдардын негизги ролун үйдөгү жана үй-бүлө мүчөлөрүн багуу боюнча акы төлөнбөгөн иштерди аткаруу менен чектейт

Натыйжада: өлкөнүн адамдык капиталын мындан ары төмөндөшү жана жоголуусу байкалат

60% ашуунун калк катмарынын экономикалык абалы боюнча жакырчылык чегинде же ага жакын жайгашат

+ %

Аялдардын тышкы экономикалык, коомдук жана табигый кырсыктардын таасирлерине көбүрөөк дуушар болуусу, алардын аярлуу болушуна алып келет

Гүлзаада Кермакунова

Кызыл-Туу айылы, Нарын дубанынын Ат-Башы району, 28-март, 2017-жыл

Аял иштеп, аракет кылып, сыртка чыгып, окутуулардан өтүп, эл-жер көрүп турса, ички дүйнөсү дагы өнүгөт, билимге толот, анан дагы кирешеси жогорулайт. Мындай көрүнүш ага үй-бүлөдө баш көтөрүп, көз карандысыз болууга мүмкүнчүлүк берет.

Менин күнүмдүк жумушум: малдар төлдөп атпайбы, кой чыгарабыз, козуларды салабыз, жылкылар тууп жатат, аларга көз салыш керек. От жагам, от жагуу үчүн, күл чыгарып, отун ташыш керек. Андан сырткары, үч маал тамактанууга кам көрүш керек. Балам мектепке барат, аны сабагына жардам кылып, окууга кийим-кечегин камдап берип туруш керек. Үй иштерин түшкө чейин бүтүрүп коюп, түштөн кийин кийиз менен алектенгенге аракет кылам. Фестивалдарда айылдагы аялдар менен биригип жасаган шырдактарыбыз өтүп, бардыгыбыз сүйүнүп, дагы күчтөнүп иштеп баштадык. Ошол акчаны мал кылып, азыр жашоо деңгээлибиз жогорулап калды десем жаңылышпайм.

Гүлзаада 28 жашта, жалпысынан алганда 25 аялдын ишин башкарууда, 2 баланын апасы. БУУ түзүмдөрү өткөргөн окутууга бир айлык баласын кучагына алып, алыскы айылынан келип катышып, бардык катышуучуларды жана окутуучуларды таң калдырган.

Гүлзаада магистр даражасына ээ. Жаш куракта күйөөгө тийгенине карабастан, окуйм деген максатын көздөп, жогорку билим алуу менен тынып калбастан, кийин дагы магистратураны бүтүргөн. Азыркы учурда деле кыска мөөнөттүү окуу мүмкүнчүлүктөрүн эч колунан чыгарбайт. Өзүнүн үй-бүлөсүнүн жашоосун гана оңдобостон, айылдагы башка аяларды дагы үгүттөп, топ түзүп, кийизден сапаты жогору болгон түрлүү жасалгаларды жаратып, сатууда. Гүлзаада элетте турганына карабай, социалдык тармактарды мыкты колдонуп, тобу жасаган шырдактарды Instagram, WhatsApp тиркемелери аркылуу сатууда. Демек, Гүлзаада шериктери менен жасаган шырдактар Кыргызстандын чектеринен ашып, алыс өлкөлөрдө үйлөрдүн көркүн ачууда. Гүлзаада өзү болсо өнүгүү жолдорун издеп, талыкпай иштеп турган кези.

Нуржан Токтомамбетова

Ак-Жар айылы, Нарын дубанынын Ат-Башы району, 28-март, 2017-жыл.

Мага иштеген жагат. Ишке барып кыздар менен кобурашып отуруп, бир топ жумуш бүтөт. Үйгө келип үйдөгү жумушту жасайбыз. Үй-бүлө мүчөлөрдүн бардыгы биригип, үй-короо жумуштарын чогуу кылса, аял кишиге иштеген оорчулук келтирбейт. Эгерде үй тиричилик иштин барын аял жалгыз жасай турган болсо, албетте, иштөөгө кыйын болот.

Эртең менен саат 6.30 турам. Балдарыма чай коём. Жети менен чайга отурабыз. Балдарым жана жолдошум менен отуруп, кыла турган иштерибизди сүйлөшөбүз. Саат 8де жумушка кетем. Саат 4тө жумуштан келем. Келип кечки тамакка даярдык көрө баштайм. Тамагыбызды ичип алып, барыбыз үй-короо жумуштарына киришебиз. Ошентип кеч кирет. Тогуздарда үйгө кирип, балдар менен ойноп, телевизор көрүп отуруп калабыз. Балдар уктаганда жолдошум экөөбүз отуруп кыялданып калабыз: балдарды жакшынакай кылып окутсак, үйүбүздү оңдосок деп. Ошентип үй-бүлөбүз менен отуруп эс алып, анан саат 11лер менен жатабыз. Эртеси кайра эле ошол күн башталат.

Нуржан 33 жашта, иштетип жаткан кийим тигүүчү цехинде кол алдында 4 аял иштейт, 3 баланы апасы. Нуржан жөн гана кыялданып отура бербестен өзүнүн жашоосун, өзүнүн үйүнүн шарттарын оңдоо жолунда. БУУ түзүмдөрүнүн «Кыргызстандагы элеттик аялдардын экономикалык укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү программасы» тарабынан алынган тигүүчү машинкаларды колдонуу менен чакан ишин өнүктүрүп, кирешесин жогорулатып, үйүнө суу киргизип алды.

Нуржан кесиби боюнча экономист, жогорку билимге ээ. Айыл жергесинде кесиби боюнча иш жок болгондуктан, акыркы жылдары кийим тигүүчү чакан цех ачып алып, иштеп жатат. Айыл тургундарынын муктаждыктарын камсыздандыра турган кийим-кечекти тигет, кездемелерди Бишкекке келип, алып кетип турат. Өзүнүн шериктери – топтун мүчөлөрү менен кобурашып отуруп, чакан ишканасында ар кандай кийимдерди тигет, ошондой эле кийим реставрациялоо иштерин аткарышат. Айыл ичиндеги эл тигүүчүлөрдү жакшы таанып калышты. Жакын арада район деңгээлине чыгуу максаттары бар.

Нурия Темирбек кызы

Ак-Жар айылы, Нарын дубанынын Ат-Башы району28-март, 2017-жыл.

БУУ түзүмдөрүнүн долбоору айылыбызга келгени мен ачылып, ишим артты. Эл менен аралышып иштегенге башынан эле шыгым бар эле, эми ушундай мүмкүнчүлүк түзүлүп активдүү иштеп жатам. Өзүмө ушинтип элге жакын болуп иштеген абдан жагат.

Менин бир күнүм бир күнгө окшошпойт. Эрте турам. Адегенде эле от жакканга киришем. Иш сапарга жөнөбөгөн күндөрү жолдошума мал тээлешем. Балдарымды ойготом, чогуу отуруп эртең мененки чайыбызды ичебиз. Балдарды окууга узатып коюп, идиштерди жууйм, жарма бышырам, үйлөрдү тазалайм. Ошенткенче эле кеч кирет, кечки тамакты даярдайм анан. Балдар кечки тамактан кийин сабактарын жазышат, аларга жардам берем. Анан кечкисин отуруп алып нан бышырам.

Ал эми ишке чыккан күндөрүмдө айылдарга барып, ишке ашырылып жаткан долбоорлорго мониторинг жүргүзөм, консультация берем, ишим боюнча Нарынга, Бишкеке такай каттап турам.

Нурия 39 жашта, 3 баласы бар, айылдын активисти, жалпы жолунан алганда 25 аялдын ишине жардам берип, иш процессин башкарууда. Нурия долбоорго кирген аялдар менен тыгыз иштейт. Айылдагы аялдардын саясатка активдүү катышуусун үгүттөп, өзү дагы жергиликтүү деңгээлдеги саясатка активдүү катышууда.

Нурия эл менен аралышып көп иштегенден сырткары, кол өнөрчүлүк менен алектенип, аялдар менен топ болуп биригип, кийизден ар кандай жасалгаларды сатыкка жасашат. Нуриянын ою боюнча саясатта аялдар канча көп болсо, социалдык көйгөйлөр ошончо бат чечилет. Ошондуктан, Нурия Жергиликтүү Кеңеште өзүнүн депутат болуусу абдан маанилүү деп эсептейт. Нуриянын иш-аракеттерине байкоо жүргүзсөк, ал саясатта дагы, чакан бизнесте дагы, бейөкмөт уюмдар тарабында дагы иш алып барат. Нуриянын мындай ар түрдүү тармактарда иш алып баруусу коомубузда болуп турган ар кандай көрүнүштөргө ар тараптан көз токтотууга мүмкүнчүлүк берүүдө. Нуриянын ишинин жемиштүүлүгүнүн себептеринин бири ушундан чыгат окшойт.

Жипариза Нурланбек кызы

Кара-Тал айылы, Нарын дубанынын Ат-Башы району, 29-март, 2017-жыл

Мен чынын айтсам түшүнбөйм: эмне себептен телефондорду жана башка техника жабдыктарын эркектер гана оңдой алат деген ой коомдо бекитилип калган. Эмне үчүн аял киши кыла албайт? Шаймандар болсо, анан билимиң болсо барын кыласың, кызсыңбы, эркексиңби айрымасы жок.

Агам экөөбүз турабыз. Эртен мененкисин окуйм, эрте туруп, чай ичип алып мектепке кетем. Окуудан келип агам жок болсо малдарды карайм. Сабак жазам. Кышкысын бир маал уй саайм, үйлөрдү жыйнайм. Азыр жаңы кесипке ээ болгону айылдын активисттеринин жардамы менен чакан ишимди баштагам: кол телефондорду оңдойм. Жаңыдан эле баштадым. Айыл ичинде майда-чүйдө бузулгандарды карап берип, оңдоп коём. Ал эми долбоордун алкагында алынган шаймандар бузулган телефондорду оңдоого мүмкүнчүлүк берет. Иш баштагандан бери айыл ичинде экөөнүн телефонун оңдоп бердим, абдан сүйүнүп калышты «районго барып отурбай жакшы болду» деп. Мен да өзүм кубанып калдым.





Жипариза 17 жашта! Жипариза жаш курагына карабастан БУУ түзүмдөрү тарабынан өткөрүлгөн окууну кылдаттык менен өтүп, азыр жаңыдан чакан ишин баштоодо.

Өзүнүн кенедей болгон кеңсесинде отуруп алып, жаңы ыкмаларды үйрөнүүдө. Жипариза айылда телефон оңдогону бир четинен жергиликтүү жамаат үчүн пайдасы чоң, ал эми экинчи жагынан өзүнүн жашоосу жана келечеги үчүн мааниси чоң деп, долбоордун кызматкерлери жана айыл активисттери ишенет.

Идрис Итигулов

Жерге-Тал айылы, Нарын дубанынын Ак-Талаа району, 30-март, 2017-жыл

Айылыбыз абдан алыс. Аба ырай шарттары абдан татаал, жаз апрель айынын аягы менен келет. Мындай шартта мал багып, үй-тиричилик иштерин алып баруу абдан кыйын. Мындай жагдайда тилекке каршы түйшүктүн көбү аялдардын башына түшөт экен.

Айылыбыздын калкынын 60% аялзаты түзөт. 90-жж эл кыйналып турган малда аялдардын салымы зор болгон, ошол малда кыйынчылыктын көбүн аялдар көтөргөн экен. Азыр болсо жашоо кичине болсо да жакшыраак болуп калды. Мен айыл башчы катары колуман келгенди жасайм, долбоорлорду тартууга аракет кылам, аялдардын саясатка катышуусун колдойм, аларды иш орундары менен камсыз кылууга аракеттенем. Улуу апалардын арасында ушул айылга келин болуп келип, 40 жылдан бери жашагандары бар, алардын муктаждыктары башка, жаш иштеп турган аялдардын муктаждыктары башка – алар иштегиси келет. Айылда ар бир аялдын кызыкчылыгы эске алынса, ошондо иш жүрөт деп ойлом.

Идрис долбоордун алкагында 15 аялдын ишин каралашып башкарууда, ал эми Айыл башчы катары албетте милдеттери жана кол алдында иштеген адамдардын саны андан дагы көп, 4 баланын атасы.

Идрис алыс айылдардын биринде жашайт, Жерге-Тал айылын борбордон 500 километр алыстатат, анын үстүнө жолдун начардыгы дагы бул айылга жетүүнү кыйын маселеге айландырат. Анысы аз келгенсип мобилдик байланыш бирде болуп, бирде болбой да калат экен. Идристи сүрөткө тартып алуу үчүн айылга келген съемка тобунун мүчөлөрүнүн телефондору тартпагандыктан, айыл ичине кирип: «Идрис деген адамдын үйү кайсыл жерде?» деген суроого, айыл тургундары «Ой ал ушул жерде эле шуулдап ары-бери жүрөт, ушул көчө менен жүрө берсеңер сөзсүз кезигесиңер» деп жооп узатышты. Чыныда эле Идрис куюндай болуп айылда автоунаасын минип алып, иштерин бүтүрүп жүргөн экен. Съемка тобун кезигип алып, өзү сүрөткө түшкөндөн кийин тынып калбастан, айылын алты айлантып, ар бир тургуну менен тааныштырып чыкты. Чыныгы Айыл Башчы ушундай болсо керек деп съемка тобу бир таң калып, бир суктанып алыс жолго сапар алды.

Айнура Турдалиева

Тоголок Молдо айылы, Нарын дубанынын Ак-Талаа району, 31-март, 2017-жыл

«Аялдар үнү» гезити аркылуу аялдарды саясатта чечим чыгаруу иштерине активдүү катышуусун ынандырабыз. Аялдар чечим чыгаруу процессине катышпаса, коомубузда өзгөрүүлөр болбойт.

Депутаттардын арасында аялдар көп болбосо, аялдар көмүскөдө калып кала берет. Мисал үчүн, аял депутаттыкка койсо, аялдар өздөрү колдобой коёт! Бул бир четинен аялдардын шайлоого аз санда келгенине байланыштуу, ал эми келгендери өздөрү аял кандидаттарды басынтып коюшат. Аялга болгон көз караштарды калктын бардык катмарларында өзгөртүүбүз зарыл. «Аялдар үнү» гезитибиздин максаттарынын бири – аялдын үй милдеттери менен гана чектеген көз караштарды өзгөртүү.

Гезитибиз тажрыйба деңгээлинде дагы маалыматтарды таратат. Мисал үчүн, кийинки чыгарылышка «Жашылча өстүрүү сырлары» деген макаланы, ошол жашылча өстүрүү боюнча тобу даярдап жатат. Азырынча гезитибиз айыл деңгээлинде, бирок район деңгээлине чыгаруу үчүн аракеттерди көрүп жатам.

Аялдар үнү

25.02.2017

8-март Аялдардын Эл аралык күнү менен чын жүрөктөн
күттүктөйбүз!

Урматтуу Тоголок Молдо жамаатынын айымдары ООН Женщин
жана ПРООН тарабынан колдоого алынган долбоорлорду ишке
ашырууда Сиздердин эмгегиңиздер, чыдамкайлыгыңыздар,
ишке берилгендигиңиздер, боорукер жүрөгүңүздөр үчүн таазим
этебиз. Сиздерге бекем ден-соолук, бакыт жашоо,
ишиңиздерге ийгилик жана түгөнүс чыгармачылык, алдыга
койгон ар бир максаттарыңыздарга жетүүнүздөрдү каалайбыз.

Тоголок Молдо жамаатынын аткаруучу органы

Узак, узак, узак
болсун бул сапар

Мектепте сабак бергенинен сырткаты Айнура ГАЛС инструктору, долбоор жазуу боюнча, SWOT анализ кылуу боюнча тренер. Айнура окуусун борборубуздан бүткөн соң өзүнүн жерине кайтып келген. Өзүнүн билими, тажрыйбасы, аракеттери жана элине болгон сүйүүсү аркылуу айыл тургундарынын жашоо деңгээлин көтөрүп жатат.

Айнура 41 жашта, 30га жакын аялдын ишин илгерилетүүдө, 4 баланын апасы: улуу кызы 19 жашта, кичүү баласы 1 жашта. Айнуранын кылып жаткан иштеринин бардыгын сүрөттөп жаза берсе бир китеп аздык кылат. Эмгеги элине сиңген деп ушундай адамдар жөнүндө айтылса керек. Англис тили мугалими катары биринчилерден болуп АКШга окутууларга барып, айылында англис тил борборун ачып, ар кайсы ресурстардан англис тил борборун түркүн түстүү окуу каражаттары менен камсыз кылган. 2014-жылдан бери 65 аялды бириктирген «Тоголок-Молдо» өнүгүү жамаатын жетектейт. Ал жамаатта ар кайсы тармакта ишин алып барган 7 топ бар: наабайкана, тигүү цехи, кой багуу, жашылча өстүрүү, курут цехи ж.б. Айнуранын иш пландары көп, алардын бардыгы айылдын жашоо деңгээлин жогорулатуу максатын көздөйт.

«Кызгалдак» өз ара жардам берүү тобунун мүчөлөру.

Эки-Нарын айылы, Нарын дубанынын Нарын району, 4-апрель, 2017-жыл

Апрель айы болуп турса дагы Эки-Нарын айылында кыштын кыраан чилдесиндей суук. Лакылдап каар жаап, шамал согуп турат. Кар эрип, жердин баары эзилип, бут коёрго жер жок – жердин баары баткак. Ичи жылуу чакан нан бышырган цехке кирип, анын жылуулуган жылып, иштеп жаткан эжелердин шамдагай кыймылынан, жаркылдаган жылмайууларынан эрип калса болот. Топтун ар бир мүчөсүнүн балдары бар, туруктуу жумушу жок, БУУ түзүмүдөрүнүн элеттеги аялдарды колдоо боюнча долбоорунун алкагында цехти ачып алгандан бери сүйүнүп иштеп жатышат, барган сайын иши күчүнө кирип, дагы чоңоюп өнүкчүдөй. Эки-Нарын айылынын климаттык шарттары абдан кыйын, айылда бир дагы үйдө суу киргизилген эмес, бир-эки километр жөө басып суу көтөрүп келишет. Айыл Нарындан 40 км алыстыкта жайгашкан, коомдук транспорт жүрбөйт, жолдору жаман, демек борбор менен катташуусу татаалдашкан. Ошондуктан чакан бизнести өнүктүрүү айыл үчүн абдан чоң мааниге ээ.

Айнура Осмонова

Эки-Нарын айылы, Нарын дубанынын Нарын району, 4-апрель, 2017-жыл

Көп нерсени үйрөндүк, ар бир иштин өзүнүн ыкмалары болот эмеспи, биз атайын окутууга барып бар-жоктун барын үйрөнүп келдик. Бир маал келип иштеп кетебиз. Жасаган нандарыбыз өтүп жатат. Айыл тургундары ыраазы болуп жатышат.

Жылдызхан Жумашүкүрова

Эки-Нарын айылы, Нарын дубанынын Нарын району, 4-апрель, 2017-жыл

«Айылда ким нан сатып жейт?» – деп айыл тургундары биринчи таң калышты эле, азыр болсо эч ким сурабай калды. Биз нан эле бышырбастан, таттуу мадлендерди, коржиктерди бышырабыз. Мектептин балдары чуркап келип сатып алышат, баасы кымбат эмес. Кээ бирлер карызга жазып коюңузчу деп сурайт. Курсагы ачат балдардын. Биз ата-энесинен бир ооз сурап, макул болсо карызга жазып коюп бере беребиз. Мурда ушундай таттуу нандарды айылдын дүкөнчүлөрү Нарындан алып келчү, ал бул жакка келип дүкөнгө түшкөнчө катып калат. Даамы да жок болуп калат. Ал эми биз болсо барбыйтып татынакай кылып печкадан алып чыгып беребиз.



Бактыгүл Касымакунова

Эки-Нарын айылы, Нарын дубанынын Нарын району, 4-апрель, 2017-жыл

Бир-эки үй-бүлөнүн гана эмес жалпы эле айылдын жашоосун өзгөртүүбүз зарыл. Жаңы иштерди иштеп көрүп, жалпы эле жашоо тиричилигибизди оңдоп, балдарыбызга кыз-бала дебей, бардыгына бирдей билим беришибиз керек.

Болдукан Исаева

Эки-Нарын айылы, Нарын дубанынын Нарын району, 4-апрель, 2017-жыл

Жакында жолдошум менен Жергиликтүү Кеңештин жыйынына бардым, айыл тургуну катары. Бир маселе боюнча жолдошум өзүнүн оюн айтты. Анан мен өз оюмду айтып баштасам, спикер мени токтотуп, «Бир үйдөн бир эле адам сүйлөйт» – деди. Мен жооп бердим: «Биз эмне тойдо отурабызбы? Мен өз укутарымды билем. Мен айтчумду айтам. Ошон үчүн келдим атайын!» –дедим. Спикер ушунтип айтып аткандан кийин, биздин өлкөбүздө аялдардын саясатка катышуусу оор эле деп жыйынтык чыгарсак болот. Бирок, биз сөзүбүздү бербей, саясатка активдүү катышуубуз зарыл.

Негизги натыйжалар

Joint Programme On:
Accelerating Progress towards the Economic Empowerment of Rural Women

Натыйжа 1: Элеттик аялдар үй-бүлөлүк кирешелерин көбөйтүп, азык-түлүк коопсуздугун камсыздап жана жашоо-тиричиликтерин жакшыртып алышты

2 аялдар кооперативи **жана** **2** аялдар ассоциациясы

алардын кеминде 1,500 аял-мүчөлөрүнө төмөнкү кызматтарды көрсөтүшөт: окутуу, маалымат, кенеш алуу, айыл чарба каражат жана шаймандарды алуу, арзан акча каражаттарын алуу, жана биргелешип сатуу жана маркетинг

1,712 аял

1,712

805

айыл чарба тармагында иш алып барууда. Алардын эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн өсүшү болжолу менен **30-70%** түзөт, жана киши башына болгон орточо киреше **488$** түзөт

алардын ичинен 805 аял

чакан жеке бизнестерин жүргүзүүдө, орто эсеп менен киришелери **29.5%** өстү

63% Тамак-аш менен камсыздалганы боюнча"жаман" жана "чек ортосу" көрсөткүчтөрүнө кирген үй чарбалардын саны 63%га азайуусу. Колдонулган тамак-аш азыктарынын түрлөрүнүн **6 дан 7ге** көбөйүүсү

28 Аялдарга жана кыздарга карата болгон зордук-зомбулукту токтотуу, алардын репродуктивдик укуктарын илгерилөө жана үй-бүлө көйгөйлөрүн азайтуу максаттарында, 3000дей адамдын катышуусу менен **28 коомдук маалымдоо иш-чаралар** уюштурулду.

Натыйжа 2: Элеттик аялдар жетекчилик сапаттарды толугу менен өздөштүрүп, учурда жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү процесстеринде активдүү катышууда

32 Программаныналкагында окуутулган**93 аялдын** ичинен **32 аял**жергиликтүү кенештерге депутат болуп шайланышты

15 **Гендердик аспектерди камтыган** жергиликтүү аймакты өнүктүрүү стратегиялары 2017-2030-жылдарга иштелип чыкты жана бекитилди

12 Гендердик муктаждыктарды чечүүгө багытталгын 12 социалдык демилге ишке ашты: алар, маалымат технологияларын өздөштүрүү, баланы кароо боюнча ыңгайлуу шарттарды уюштуруу, жолдорду ремонттоо, электр линияларын, Интернет байланышын тартуу, ж.б. Бенефициарлардын жалпы саны **12,549**, а.и. **6,726 аялдар** болду

38 **38 GALS чемпиондору** үй-бүлөдөгү гендердик тенсиздикди жана зордук зомбулулукду жою боюнча 419 адамды камтышты

Натыйжа 3: Элеттик аялдардын экономикалык укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кенейтүүгө багытталган гендердик сезимтал мыйзам чөйрөсүн камсыздоо

1. Социалдык камсыздандыруу тарифтер жөнүндө мыйзамга өзгөртүүлөр жана толуктоолоркиргизилди
2. Эки мыйзамгаөзгөртүү киргизүү боюнча сунуштарды сүрөмөлөө, алар үй-бүлөдөгү зордук-зомбулук жана жашы жетиле электердин никелешүүсүн токтотууга багытталган
3. Айыл чарба тармагындагы мамлекеттик программаларга жана мыйзамдарга гендердик талдоо жүргүзүү
4. Гендердик теңчилик жана туруктуу өнүктүрүү максаттарын айкалыштыруу боюнча иш аракеттерин илгерилөө

Санабар Каратаева

Апшыр-Ата айылы, Ош дубанынын Ноокат району, 24-апрель, 2017-жыл

Аялдарды колдоп кубаттап турууга дайыма аракет кылам. Аялдар үй ишине эле ылайык деген сөз туура эмес деп эсептеймин. Мына мен өзүм деле ар тармакта иш чараларды өткөрөм: курулуш иштерин башкарам, маданият тармагында иш-чараларды, спорттук мелдештерди, социалдык өнүгүүгө багытталган иштерди алып барам.

Күнүгө мектепке барынан эрте келип мугалимдерди, окуучуларды тозуп алууга аракет кылам. 7.00 үйдөн чыгам, ага чейин зарядка кылып, колу-бетимди жууп, чай ичкенге жетишейин деп таң атпай турам. Мектепте административдик иштеримден жана сабактарымдан түшкө чейин эч колум бошобойт. Түштөн кийин мектеп иштери бир аз азайып калгандан кийин жер иштетип жаткан топтордогу аялдарга барам. Алардын жүрүп жаткан ишине көз салам. Кечкисин, анан дагы дем алыш болгон күндөрү кичине жер кармап, үй жумуштар менен алектенем.

Санабар Ош дубанасы боюнча БУУ түзүмдөрүнүн топторундагы аялдардын башын бириктирген кооперативдин жетекчиси болуп шайланган. Кооперативде 375 аял мүчө болуп кирген. Санабар 48 жашта, долбоорго катышкан 30дан ашуун аялдардын ишине каралашат, 3 баланын апасы.

Санабар айылында Кыргызстандагы элеттик аялдардын экономикалык укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү программасынын алкагында 30дан ашуун аялдын ишин башкарат. Мындан сырткары өзүнүн саясий активдүүлүгүнө таянып, аялдарды колдоо тармагында жаңы демилгелерди көтөрүп, ар кандай иштерди көп жүргүзөт.
Санабар Апшыр-Ата айылынын мектебинин директору, мектепте иштегенден сырткары айылдын өнүгүүсүнө салымы зор. Эл аралык уюмдардын долбоорлорунда иштеген, алардын бири АБРдин «Кенже курактагы балдарды өнүктүрүү» долбоору. Айыл ичинде бир канча бала-бакчанын ачылуусуна демилгечи болуп, алардын иштеп кетүүсүнө салымын кошкон. Санабар Айыл деңгээлинде аялдардын кызыкчылыгын коргоп, жергиликтүү бийликтердин өкүлдөрү менен ар дайым иштешип турат.

Самаргүл Айдаралиева

Кызыл-Ай айылы, Жалал-Абад дубанынын Базар-Коргон району, 20-апрель, 2017-жыл

Менин оюмча БУУ түзүмдөрү өткөргөн окутуулардын таасири аябагандай чоң болду. Алар аялдарга билим гана бербестен, аялардын өзүнүн күчүнө ишенүүгө түрткү болду. Алар укуктары тууралуу билип алып, маселенин чечилүү жолдору кандай болоорун үйрөнүп алышып, жергиликтүү өкмөттүн жетекчилерине чейин таламын талашып баргандар болду.

Мен өзүм болсо бардык семинарларга үзгүлтүксүз катыштым. Акыры үзүрүн көрдүм: ошол жактан алган билимибиз биздин үнүбүздү Жогорку Кенешке чейин жеткирди. Соцфонд төлөмү 1 гектарга былтыр киши башына 469 сом болду эле, ага чейин 428 болчу. Эми, биз аны 414 сомго чейин түшүрдүк. Элет аялдарынын пенсияга чыгуусу боюнча коомдук угууларга катыштым. Негизги саятка катышып, аялдардын кызыкчылыгын коргоо боюнча аракеттерим башынан эле бар. Бирок элетте шайлоодо өтүп кетүү, аял кишиге абдан кыйын: бир четинен акча маселеси, экинчи жагынан аялга болгон коомдун көз карашы. Кыргызстанда аял киши саясатка кирүү үчүн бир гана башка кандидаттар менен саясаттык күрөш жүргүзбөстөн, аялдарга болгон коомдук көз караштар менен дагы өзүнчө бир күрөш жүргүзүүгө туура келет.



Самаргүл 53 жашта, 25 жыл райондук гезиттерде ар кандай кызматтарда иштеп турду. Чыныгы коомдук ишмер деп Самаргүлдү айтса болот. Анын айылындагы эли үчүн кылган иштеринин бардыгы, айыл жергесиндеги жамааттардын жашоо деңгээлин жогорулатууга жана өнүктүүрүүгө багытталган. Акыркы кылган иштеринин бири: айыл көчөлөрүнө шагыл төктүргөн. БУУ түзүмдөрүнүн долбоору боюнча 2 топту жетектейт жана топтордун Ассоциациясынын лидери.

Самаргүл ГАЛС чемпиону, ал башка ГАЛС чемпиондорундай эле ГАЛС ыкмаларын окутуп кала бербестен, анын тажрыйбада аткарылуусуна байкоо жүргүзөт. Аялдар өздөрү гана үйрөнүп алып кала бербестен, үйлөрүнө барып күйөөлөрүн окутуп, алар ошол ыкмаларды бирге колдоноорун Самаргүл белгилейт. Жетектеген 2 тобу бар: бирөө кол өнөрчүлүк тобу, экинчиси нан бышырып сатуу боюнча тобу. Топтогу аялдарды Самаргүл чоң канатынын астына алып, азыркы учурда топтордун мүчөлөрү киреше алып башташты. Алардын жетишкендиктери айыл тургундарынын арасында кызыгууларды туудуруп, аларга дагы дем берүүдө.

Самаргүл айылынын шагыл төгүлгөн жолунда бара жатып, бирөөнү кезигип калса, эринбей ага 15 мүнөттүн ичинде ГАЛС ыкмаларынын бири болгон «Киреше көбөйтүү дарагы» жөнүндө айтып берип, түшүндүрүп коет. Самаргүл 3 баланын апасы, кичинекей небереси бар.

Махабат Боташева

Благовещенка айылы, Жалал-Абад дубанынын Сузак району, 23-апрель, 2017-жыл

Адам менен иш боюнча баарлашууда жашына, улутуна, билимине же жынысына таянып мамиле түзүү туура эмес деп ойлом. Эң биринчиден – бул адамдын ички дүйнөсү жана кылып жаткан иши, андан башкасынын мааниси жок: аялсыңбы же эркексиңби, жашсыңбы же карысыңбы, жогорку билимдүүсүңбү же билимсизсиңби айрымасы жок. Кылган ишиңе берилип, өнүгүү жолун тандап алсаң – айылыңа да жакшы, өзүңө да жакшы, балдарыңа да жакшы.

Таң атпай саат 5те турам, гүлдөрүмдү карайм, бала-бакчага барып, ал жакты бир айланам, анан үйгө кирип ишке даярдык көрө баштайм, отуруп алып план жазам. Анын ичинде бала-бакчадагы ишим, гүлдөр менен байланыштуу ишим, үй иштери, аялдар менен иштөө, Ошко иш-сапарлар, балдарым менен байланыштуу болгон иштер. Деги эле айыл жергесинде иш бүтпөйт. Гүлдөрүмө болсо күнүнө жок эле дегенде 1,5 саат арнайм. Ар бир кылган ишимен ырахат алам.

Махабаттын эмгеги айылына сиңген. Азыркы учурда айылдын активисти, БУУ түзүмдөрү ишке ашырып жаткан программанын 30 катышучуусунун ишине көмөктөшүп, айылдын өнүгүүсүнө салымын кошуусун улантууда. 51 жашта, БУУ түзүмдөрүнүн долбоорунун алкагында 30 аялдын ишин каралашат, 7 баланын жалгыз апасы: улуусу 16 жашта, кичүүсү 2 жашта.

Махабаттын үйү бир канча жыл мурун өзү негиздеген бала бакчанын жанында, бала бакчанын ар бир бурчунда балдарга болгон сүйүү көрүнүп турат: жапжашыл болгон бактар, ажайып ачылган гүлдөр, колго жасалган балдар үчүн оюнчуктар, кагаздан түрлүү жасалгалар, балдарга жагымдуу боло турган сүрөттөр.

Махабаттын бат сүйлөп, бат кыймылдап, көп иш кылганы таң калдырат. Ошол эле учурда адам жана гүлдөргө болгон мамилеси абдан жумшак. Адамга сүйлөп жатканда жылмайып, күлкүлүү нерселерди айтып берип, маекти ачык маанайга толтурат. Ал эми гүлдөрүн болсо ушундай кылдаттык менен назик кармап, ар бир жалбырагын сылап чыгат экен. Көпчүлүк менен иштөөдө Махабаттын шамдагайлык менен жумшактыкты айкалыштырып иш алып баруусу, иштешкен адамдардын кошо ишке берилип иштешүүсүнө түрткү болуп, акыры бардыгы ишинин үзүрүн көрүшөт.

Кенжегүл Нурмамат кызы

Жаңы-Дыйкан айылы, Жалал-Абад дубанынын Сузак району, 22-апрель, 2017-жыл

Кенжегүл жер-жемиштерди иштетүү боюнча долбоорду жетектеп келүүдө. Бирок Кенжегүлдү жетекчиден дагы биринчи шерик деп айтууга болот, анткени ал иштеген ар бир адамга аяр мамиле кылып, өзү топтун ар бир мүчөсү менен жарышып иштеп, 8 аялдан турган тобу менен бирге ийгиликтерге жетишүүдө. Өзү 51 жашта. 3 баланын апасы жана неберелеринин чоң энеси.

Эртең менен саат 7де неберелерди алып калам. Эртең мененки тамагын берип, мектепке жөнөтөм. Анан үй иштери башталат. Огород, короо иштери. Мал. Короодо жүрсөң, иш табыла берет. Жөжөлөргө жем чачам, суу куям. Нан бышырам, тамак кылам. Кир жууп, жаям. Кичинекей дүкөнүм бар, ошого бир маал базарга барып, товар алып келем. Келиним экөөбүз чогуу тамак бышырабыз. Мен шайым ооп калганда, келиним жасайт иштерди. Ал чарчаганда мен кылам. Ошентип ишибиз бүтпөйт келиним экөөбүздүн.

Деги эле айылда иш бүтпөйт. Бирок оор көрбөйм, шашпай ишимди кыла берем. Азыр мына БУУ түзүмдөрүнүн долбоорунун алкагында жер-жемиштерди өстүрүп, аларды консервациялап сатыкка чыгарып жатабыз. Биз жасап жаткан нерсе өзүбүз өстүргөн экологиялык таза азыктардан жасалып атпайбы, ошонусу менен баалуу. Бизге дагы жакшы, элге дагы жакшы. Бизге – киреше, элге – сапаттуу азыктар.

Кенжегүлдүн короосунун бир жагы кичинекей ферма сыяктанат, бир бөлүгү бак, бир бөлүгү жер-жемиштер цехи, бир бөлүгү ашкана. Бир жакта тооктор кукулдайт, бир жакта жөжөлөр чыйпылдайт, бир жакта казандын буркулдап кайнаганы угулат. Келини экөө болсо бир ишти экинчи ишке улап, бири баштаган ишти экинчиси келип бүтүрүп, такыр колдору бошобойт. Кенжегүл келген съемка тобуна улам-улам кызыктуу нерселерди айтып берип, чакан экскурсия кылып, короосун кыдыртып жатты. Өзү жасаган жер-жемиштер менен толгон банкаларды кармап сүрөткө түшкөндө, жумшак жылмайып, короодо турган адамдардын бардыгынын көңүлүн жылытып жатты.

Айтурган Кочорова
Кызыл-Ай айылы, Жалал-Абад дубанынын Базар-Коргон району,
21-апрель 2017-жыл

Акыркы жазган макалам пол жууп иштеген аялдар жөнүндө. Иши бир топ оор келет ал эжелердин. Үйүндөгү иштерден аларды эч ким бошотпойт. Макаламды «2500 сом» деп атадым, анткени алган айлыгы 2500 сом. Аталышы кызыктуу болуусу зарыл эмеспи...

Ата-энем менин журналистикага кызыгуумду абдан колдойт. Албетте журналистика деп эле жүрө бербестен, үйдө бөбөктөрүмдү каралашам, үй иштерин кылам, бирок үйдө эле отура бергим келбейт. Эл кыдырып, кызыктуу окуяларды жарыкка чыгарып, ар кандай көйгөйлөрдү көтөрүп – алардын чечилишине салымымды кошкум келет. Азыр ар кандай макалаларды жазып жатам. Долбоорго катышып окуудан өтүп келгенбиз, өзүбүздүн баракчабыз бар социалдык тармактарда. Жазган макалаларыбызды ошол жакка жайгаштырып, бири-бирибиздин макалаларыбызга баа берип жатабыз. Жакын арада жазгандарыбызды көпчүлүккө сунуштайбыз. Болгон нерсенин баары борбор шаарыбызда эле болуп жаткандай, бирок андай эмес, кызыктын баары элетте. Ошондуктан мен айылдын үнү катуурак чыкса дейм, айылдын үнүн чыгаргым келет.



Айтурган 17 жашта! Айтургандын макалаларында биздин коомдун журналисттеринин көбү жетише албаган нерсе так көрүнөт: бул Айтургандын журналист катары көп түрдүүлүктү кабыл алуусу жана ар бир жазган окуясында элетте болгон оорчунду маселелерди жарыкка алып чыгуусу.

Айтурган журналистикага кызыгып, БУУ түзүмдөрүнүн Кыргызстандагы элеттик аялдардын экономикалык укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү программасынын алкагында гендердик сезгинчилик боюнча өткөрүлгөн окутуудан өттү. Азыркы учурда журналистика тармагында биринчи кадамадарды жасоодо. Айтургандын жазган макалалары өзүнүн тереңдиги менен таң калдырат. Айтургандын калеми ар кандай маселелерди козгойт. Алардын ичинде карычылык, социалдык теңсиздик, элеттеги аялдардын абалы, билимдүүлүктүн мааниси. Айтургандын макаларынын өзгөчөлүгү: Айтурган каармандарды өзү таап алып, бир адамдын жашоосуна таанып, жалпылыкка таандык көйгөйлөрдү ачат. Макалардын биринде Айтурган мектепте болгон рэкет маселесин көтөргөн. Өзүнүн жаш курагындагы балдар менен байланышкан маселерди ошол өзүнүн жашынын бийиктигинен изилдеген мындай көйгөйдү жарыялоону гана эмес, бирок чечилүүсүнө алып келүү мүмкүнчүлүгүн жогорулатчудай. Ошол процесстерге ичинен киришип, такшалган журналисттердей билбегенди билип, толук сүрөт чагылдыра алчудай көрүнөт.

Сайрагүл Акматова

Биринчи Май айылы, Ош дубанынын Кара-Кулжа району, 22-апрель, 2017-жыл

Эркектерге караганда аялдардын иши көп, үйгө кирип үй ишин жасайбыз, короого чыгып короо иштерин кыла берет эмеспизби. Үйдө деги эле иш бүтпөйт. Бирок аялдар үйдө иш бутпөйт деп отуруп албастан иштөөсү зарыл. Аялдарды атайын эч ким колдобогондуктан, өзүбүз топ болуп уюшуп алып, жалгыздап чече албаган маселелерди чечүүгө аракет кылып жатабыз.

Айылыбызда тилекке каршы жумушсуздук чоң. Ошол жумушсуздуктун айынан отуруп калдык. Жөн эле отура бербейли деп ушул кол кесмесин жасап-сатуу чакан бизнесибизди баштадык эле. Колубуздан келген жана айылда өтө турган иштерди жасап жатабыз. Буюрса жакшы болуп атат, ишибиз жүрүп, жасаган кесмебиз жакшы өтүп жатат. Чоң фирмалардан кем калышпай, кесменин түрлөрүн жасайбыз: кыска десең кыскасы бар, узуну десең узуну бар, жалпагы бар, куурулганы бар. Эл абдан жакшы кабыл алды: бир четинен «Колго жасалган» – деп, экинчи жагынан «Сырттан келген нерсени жебей, өзүбүздүн аялдар жасаганды жейли» – деп.

Айыл өкмөтү аялдардын баштаган ишин колдоп, атайын имарат бөлүп берди. Эми иш-канасын кеңейтүү мүмкүнчүлүгү пайда болуп, Сайрагүл жаңы чоң камыр жайганга ыңгайлуу болгон столдорду, дагы башка эмеректерди буюртма кылып коюп, алардын даяр болуусун күтүп турган кези. Айыл өкмөтү имарат берип гана колдобостон, электр акысын төлөп берүү тууралуу келишимин түзүштү.

Сайрагүл кол кесмени жасап, саткан топту жетектегендан сырткары Биринчи Май айылынын Маданият үйүнүн башчысы. Ар кандай маданият иш-чараларын өткөрүүнүн үстүндө иштейт. Ошондуктан колу эч бошобойт: бир жагынан БУУ түзүмдөрүнүн долбооруна катышкан аялдар иштери менен алек, экинчи жагынан маданият кызматкери катары иш-чаралары абдан көп, үчүнчү жагынан үй жумуштары кол алат. Бирок иштин көптүгүнө карабай, кол өнөрчүлүк менен алектенет. Кечинде чарчап үйүнө кирип, 6 жана 5 жашаар эки небересин жыттап кучактап отуруп калат. Сайрагүл алты баласынан 9 небереси бар. Өзү 51 жашта. 20дан ашуун долбоорго катышкан аялдардын ишине көмөк көрсөтүүдө.

Роза Орозматова

Кенжекул айылы, Ош дубанынын Кара-Суу району, 24-апрель, 2017-жыл

Өзүм тиккенге мурдатан эле кызыкчумун, бирок окуусун окуп алганга мүмкүнчүлүгүм болгон эмес. Буга чейин карыган кайын-ата, кайын-энемди багып үйдө отурчумун. БУУ түзүмдөрүнүн долбоору биздин айылга келгенден бери жашоом өзгөрдү, долбоордун алкагында тигүүнүн окуусун бүтүруп, ишке киришип, кылган ишим киреше алып келип жатат.

Меники эле эмес бардык топторунун мүчүлөрүнүкү жылыштар ушундай. Көбү эле үйүндө отурчу да мурда. Башында күйөөлөрү ынанбай, биздин чогулуштарга жашынып келгендер болгон. Окутууга барам десе, күйөөлөрү «Ал жерде эмне бар?» деп айтчу. Өзүнчө эле бир күрөш болгон. Эми иши киреше алып келгенин көрүп, үй-бүлө мүчөлөрү колдоп жатышат. Ушундай кыйынчылыктар болгон башында. Азыр болсо топтор күчүнө кирип, иштеп жатышат. Аялдар биригип алганы, кирешебиз пайда болгондон сырткары, үнүбүз катуу чыгып калды: айыл өкмөтүнө барып, жер сурадык. Алар колдоп бизди, 2 гектар жер бөлүп берди. Өткөн жылы пахта эгип алып, пайда көрдүк. Аракеттерибиз жыйынтык алып келип, өзүбүздү эркин сезип калдык.

Роза 34 жашта, 2 баланын апасы, тобунда 4 аял иштейт. Тобунун мүчөлөрү менен бирге чакан ишканасынан чыккан продукцияны сатуу жолдорун издеп жүрүп, жыйынтыгында Кара-Суу базарына барып, ошол жердеги сатуучуларга өздөрүнүн товарларын сунуштап, алар менен келимишимге келишкен. Азыркы учурда 4 контейнерди тейлешет, андан сырткары дагы ар кандай буюртмалар болот. Роза шериктери менен тиккенди гана үйрөнбөстөн, сатуу жолдорун ырасташып, азыркы күндө бекер отурушпайт.

Съемка тобу Розаныкына кирип барганда иш үстүнөн чыгышты. Аялдар бир жагынан кездемелерди кабыл алып жаткан экен: бири ташып, бири каттап, бири алып келген адам менен кептешип жатты. Бул ишин бүтүргөн соң тигүүгө киришишти. Кийинчерээк иши такай эле ушундай көп болгонун топ мүчөлөрү айтып беришти. Роза айылында түзүлгөн топтордун бардыгы активдүү иштээрин белгилейт. Кылган ишмердүүлүгү ар кандай болгондугуна карабастан (чач тарач, нан бышырып сатуу ж.б.), ийгилик биргелешип чогуу иштешүүдө экендигин белгилейт. Мындай көрүнүш аялдарга өзүнүн кызыкчылыктарын коргоодо кубат берет экен деп, өзүнүн жеке байкоолору менен, интервью убагында бөлүшүп жатты.

Манас Мураталиев

Чүй дубаны, 10-май, 2017-жыл

Кыргызстандагы аялдар укук жагынан өтө эле тебеленип жатат.Өзгөчө айыл жергесинде аялдарга үстөмдүк болуп, өздөрү дагы укуктарын билбей калып жатат. Башкача айтканда «Үй-бүлө тарбия» болуп калып жатат, аялдын ролун ошол үй-бүлө милдеттери менен гана чектеп коюп атабыз. Анан аял сөздөн кача албай, коом андан күтүп жаткан нерселерди гана аткарып, өнүгүү мүмкүнчүлүктөрү кыскарып калып жатпайбы.

Мыйзамдарды иштеп чыгып, алардын аткаруусун камсыз кылуу – жогорку деңгээл. Мен айыл өкмөту катары мындай иш-аракеттерге катышкам. Бирок жеке ой-пикир алмашуу, ушул маселелерди айыл ичинде талкуулап, бир адам менен ушул көйгөйдү бөлүшүп, ал кандайдыр бир жыйынтыктарга келсе – ошол дагы чоң иш. Мен мамлекеттик кызматта иштеген адам катары адамдар менен көп сүйлөшөт эмесминби. Ошо адамдарга өзүмдүн жогоруда белгилеп өткөн ойлорумду айтып, аялдарга болгон мамилебизди өзгөртүүгө кичинекей салым болсо дагы, кошуудамын деп ойлойм. Эң негизгиси – коомдун билим тармагын өстүрүү зарыл. Бала кезден тарбиялап, кыз-бала деп бөлбөй, ар бир адам өзүнүн жарандык милдетин аткаруусу зарыл деп түшүндүрүшүбүз керек. Ошондо таасир этип, коом дагы өзгөрүп баштайт. Бизге өзгөрүүлөр керек.

Манастын өкмөт уюмдарында иштөө тажрыйбасы 12 жыл. 12 жылдык тажрыйбасына таянып жасаган чечимдеринин бири: аялдардын саясатка жана коомдук жашоого активдүү катышуусуна дин тарабынан, элеттик коом тарабынан чектөөлөр көбүрөөк болот. Ошондуктан мамлекет башкарууда аялдардын саясатта катышуусуна басым жасап, ар кандай иш-чараларды уюштуруу маанилүү экендигин Манас белгилейт.

Өзү мамлекеттик кызматкер катары элеттеги жамааттар менен иштөөдө ар кандай инновативдик ыкмаларды киргизген. Алардын ичинде айыл тургундары арасында маалымат жайылтуу жана алардан маалымат алуу үчүн мобилдик тиркеме.

Жетекчи катары алып барган иштеринде айыл тургундарын ишмердүүлүккө тартуу, аялдардын саясатта катышуусун жогорулатуу максаттарын дайыма көздөйт. Манастын байкоолору боюнча элеттеги жамааттарда демократиялык көз караштардын орнотулуусу, терс натыйжаларга алып келет деген түшүнүктөр бар. Ошондуктан Манас эл менен баарлашууда алар менен өз оюн бөлүшөт: «демократиялык көз караштар болгон жерде аялдар эч кимди басынткан жок, үй иштеринен качкан жок, балдарынан качып кеткен, ал коомдук иштерге, саясатка, үй-бүлөсү менен болууга да жетишүүдө. Ошондуктан аялдын саясатка жана коомдук иштерге катышуусун биз колдошубуз керек». «Аялдардын үнү эркектердин үнү менен бирдей чыгуусу зарыл» деген сөздөрү менен Манас берген интервьюсун аяктады.

Керез Кадырова

Кара-Дөбө айылы, Чуй дубанынын Жайыл району, 12-май, 2017-жыл

Аялдардын коомдук иштерге, саясатка катышуусун ойлонуп, талдап отуруп, абдан жиним келет. Мисал үчүн, шайлоону алалы. Агитаторлор жалаң аялдар, шайлоону өктөргөндөр – төрага, байкоочу, уюштуруучулар – жалаң аялдар, жактоочулардын бардыгы жалаң аялдар, анын креслого барып отурган – жалаң эркектер. Ошол туурабы?

Албетте, мындай көрүнүш туура эмес. Саясат эле эмес жөн жашоону алсак деле. Аялдар тытынып айыл жергесинде эң эле көп иштешет, ишмердүүлүккө дагы шыктуу келишет, деги эле колунан келбегендин баары келет. Бирок, биздин мамлекет тилекке каршы аялдарды баалабайт. Аялдардын чечим чыгаруу процесстерине катышуу үчүн кандайдыр бир аракеттер кылынганын мен көргөн жокмун. Талаада, үйдө, жайлоодо эркектер менен жарышып иштеген аялдар, анан креслого отуруп алып чечим чыгаргандар – эркектер. Алар коом эмнеге мажбур болуп атканын кайдан билет, кабинетинен чыкпай отурса, үйүнө барса тамагы даяр, балдарынын курсагы ток, алар элде кандай көйгөйлөр болуп жатканын, кандай мыйзамдар аларга жардам болоорун кайдан билет?

Керез аялдын саясатта жана коомдо болгон ролунун сүрөттөп берген сөздөрүн изилдөөчүлөр иликтөөлөрдү жүргүзүп, статистиканын негизинде өздөрүнүн макаларына жазышат. Ал эми Керез болсо мындай чечимдерге илимий иштерди окубай эле, жеке тажрыйбасынын негизинде келген. Керез бул көйгөйлөрдү айыл ичинде активдүү иштеп, элдер менен баарлашып, шайлоолорду уюштурууга активдүү катышып, айылдагы аялдардын ишмердүүлүк алып баруусунда көмөк көрсөтүп жүрүп билет.

БУУ түзүмдөрүнүн долбоорлорунун айыл активисти катары 30 аялдын ишин башкарат. Өзүнүн чүчпара чыгаруучу чакан ишканасында 5 аял иштейт. Активдүү коомдук иштеринен сырткары 10 жылдан бери Айыл Ден-соолук комитетинин бухгалтери. Керез 4 баланын апасы: улуусу 21 жашта, кичүү кызы 5 жашта. Керез Кыргызстандагы миңдеген аялдардай болуп үй иштерине дагы, коомдук иштерине дагы, жеке ишмердүүлүккө дагы жетишүүдө, жергиликтүү деңгээлде болсо дагы саясат иштерине катышууда.

Элеттик аялдардын экономикалык укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүсү көп тараптуу колдоо ыкмасы

Joint Programme One:
Accelerating Progress towards the Economic Empowerment of Rural Women

ФАО

айыл чарба өндүрүмдүүлүгүн жана климатка туруштуктуулукту жогорулатуу

АӨЭФ

гендердик теңсиздикти жоюуу максатында үй бүлөлүк стратегияларын колдонуу

БУУ ДАП

азыктандырууну жакшыртуу, окуу үчүн азык-түлүк берүү жана элеттик аялдарды кошумча нарк чынжырчаларына байланыштыруу

БУУ Аялдар

Программаны координациялоо аялдардын лидерлик потенциалдарын жана алардын жергиликтүү деңгээлде чечимдерди иштеп чыгуу жана кабыл алуу процесстеринде катышуусун жогорулатуу; гендердик-сезимтал мыйзам чөйрөсүн камсыздоо гендердик-сезимтал мамлекеттик пландоону илгерилөөсү

Аялдардын экономикалык укуктарынын жана мүмкүнчүлүктөрүнүн кеңейүүсү Кыргызстандын өнүгүсүүнө түрткү берет

Кеңейтилген мүмкүнчүлүктөр ресурстарды пайдалануу, маалымат алуу, технологияларды колдонуу, окутуулар жана соода-сатык базарларына толук катышуу

Чечим кабыл алуудагы кеңири катышуусу үй-бүлөдө, жамааттык топтордо, айылдын денгээлинде

Эркиндик: репродуктивдик тандоодо

Адилеттүүлүк: үй жумуштарын бөлүштүрүүдө

Кыска мөөнөттөгү пайда: азык-түлүк коопсуздугу жана азыктандыруунун жакшыруусу, үй-бүлөлүк кирешенин жогорулоосу турмуш тиричилик аракетинин туруктуулугу

Узак мөөнөттөгү пайда: балдарга сапаттуу билим берүүсү, үй-бүлө мүчөлөрүнүн ден-соолуктарын чыңдалышы, үй-бүлөлүк зомбулуктун азайуусу, үй-бүлөдө жана коомдо бейпилдиктин жана ынтымактуулуктун орнолушу